# Жаңы уя



Автор: Ратна Кусума Халим

Сүрөтчү: Ратна Кусума Халим

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Жаңы уя

Автор: Ратна Кусума Халим
Сүротчү: Ратна Кусума Халим

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жаңы уя" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *A New Nest* (англисче) чыгарманын негизинде, автору жана сүрөтчүсү Ratna Kusuma Khalim. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2020-жылы CC-BY-NC-4.0.лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/read/6bf05880-1f9d-4669-97c1-8e9d811f819b?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тарс! Турс! Дүң! Даң! Кыр! Кыр! Карс!

“Эми сенин кезегиң” – деди Агасы.

“Эмне дейсиң?” – кичинекей Карындашы агасын жакшы укпай калды.

“Эми сенин кезегиң”.





Ызы-чуу алардын оюнуна тоскоол болуп жатты. Карындашы бардык күчү менен тепти дагы,…гол! Кичинекей топчу асманга бийик көтөрүлдү. Анан ылдый кулады… бирок уяга түшпөй калды.

“О, жок...! Менин топчум!” – Карындашы ыйлап жиберди.

“Мен аны сага алып берем!” – деп кыйкырды Агасы, дарактан ылдый көздөй учуп бара жатып.





Карындашы мышыкты байкап, Агасына эскертти: “Мышык!”

Апасы, Атасы жана Карындашы чогуу: “Абайла! Мышык!” – деп кыйкырды.

Ух! Мышык Агасын кармап ала жаздады. Агасы машиналардын ызы-чуусунан улам, үй-бүлөсүнүн эскертүүлөрүн уккан эмес.






Машиналар абдан заңкылдап, катуу иштеди. Канаттуулар бири-бири менен араң байланышып жатты.

“Бул биз үчүн кооптуу – деди Апасы. – Биз бул жерден тезирээк көчүп кетишибиз керек”.

Баары буюм-тайымдарын чогулта баштады, бирок Карындашы өзү менен эмнени алып кетүүнү чече албай турду. Ал колунда болгондун баарын жакшы көрчү.





“Мен сүйүктүү чалгындарымды алып кетем!” – деди ал акыры. Агасы чалгындарды чогулта баштайын дегенде эле…

“Тезирээк! Мышык даракка чыгып бара жатат!”– Атасы кыйкырды. Баары уядан тез эле учуп кетти.





Дүрбөлөңдө Карындашынын чалгындары уяда калып калды. Ал аларга кайгылуу кол булгалады.

“Кош бол, уя! Чалгындар, кош болгула!” – деди Карындашы.

“Кош бол, ызы-чуусу көп сары машина!”– деди ал.





“Кош бол, жол! Кош бол, күн!” – деп чыйпылдады.

О, карасаңар! Бул жаңы дарак. Бул жерде биздин жаңы уябыз болобу?” – деп, Карындашы таң калды.





“Бол, тезирээк кел!” – кыйкырды Агасы.

“Оо, менин сүйүктүү жумшак чалгындарым!”– Карындашы өз көзүнө ишене алган жок. Апасы буюмдарын чогултуп жатканда баштыгына бир нечени салып алууга жетишип калган экен.





Канаттуулар үчүн ушунчалык узак, чарчаткан күн болду! Акыры, алар жаңы, жайлуу уясында эс алат.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ратна Кусума Халим
Сүрөтчү: Ратна Кусума Халим
Которгон: Айгуль Джунушалиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли